Кызыл-Кыя шаарындагы №13 И.Абдрахманов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин " Табигый жана так илимдер" усулдук бирикмесинин чогулушунун

№1 токтому

29.08.2019 Катышканы-7

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. Өткөн окуу жылында аткарылган иштерге анализ берүү.

2.УБ нин 2019-2020-окуу жылына карата жылдык иш планын талкуулоо

1-маселе боюнча усулдук бирикме жетекчиси Токурова Наринса төмөнкүлөргө токтолуп кетти

Угулду:

Урматтуу мугалимдер, былтыркы окуу жылында атайын түзүлгөн планынын негизинде иш алып барылды.Предметтик мугалимдер тарабынан иш чаралар аткарылды . Бирикменин өткөнкү окуу жылында аткарылган иштери боюнча кимде кандай сунуш ой пикирлер бар?

Жарыш сөзгө математика мугалими Бакирова Г чыкты.

Угулду:

Өткөнкү окуу жылына карата календардык пландар шаардык усулдук бирикмеси менен биргеликте түзүлдү . Бирикменин планында көрсөтүлгөн иш чараларды талапка жооп берээрлик түрдө аткарылды .Өткөн окуу жылында аткарылган иш чаралардык канааттандыраарлык деп ойлойм.

Усулдук бирикменин мүчөсүндөгү мугалимдер баары жогорудагы сунуштарды угуп талкуулап төмөнкүдөй чечим кабыл алышат

Чечим:

Усулдук бирикменин 2018--2019- окуу жылында аткарылган иштери канаттандыраарлык деп кабыл алынсын.

2-маселе боюнча усулдук бирикме жетекчиси Токурова Н окуу жылына карата түзүлгөн иш план менен тааныштырып кетти.

Угулду: Быйылкы окуу жылына карата бирикменин жылдык планы менен таанышып , карап чыгып өз ой пикирлериниздерди ,сунуштарынарды айткыла ошондой эле быйылкы окуу жылында олимпиада боюнча иш алып барууну күчөтөлү

Кийинки жарыш сөзгө информатика мугалими Салиева Айгүл чыкты.

Угулду: Ар бир мугалим   жаны методторду колдонуу менен сабак өтсө ,бири-бирибиз менен тажрыйба алмашып турабыз. Алган тажрыйбабызды сабактарда колдонуп, балдарга ар бир сабакты кызыктуу өткөнгө жардам болот.Айрыкча бизге жаш мугалимдерге.

Жогоруда айтылган сунуштарды угуп,талкуулап жыйын катышуучулары төмөнкүдөй чечим кабыл алышат

Чечим:

1. Ар бир предметтик  мугалим  интерактивдүү методторду колдонуу  менен бирден   ачык   сабактарын  даярдасын жана жумалыктар өтүлсүн .
2. Аткарылуучу иштерди көзөмөлдөө бирикме жетекчисине жүктөлсүн.

Бирикменин жетекчиси: Токурова Наринса.

Кызыл- Кыя шаарындагы №13 И.Абдрахманов атындагы жалпы билим беруу мектебинин «Табигый жана так илимдер» усулдук бирикмесинин чогулушунун №2 токтому .

12.11.2019-ж Катышканы-5.

Күн тартибинде каралуучу маеле;

1. 1-чейрек ичинде аткарылган иш чаралардын жыйынтыгы.
2. 2-чейрек ичинде аткарылуучу иш чаралар менен таанышуу.

1-маселе боюнча бирикме жетекчиси сөз сүйлөдү;

Угулду;

Саламатсыздарбы урматтуу мугалимдер биздин «Табийгый жана так илимдер» усулдук бирикмесинде 2019-2020- окуу жылына карата түзүлгөн иш планынын негизинде 1-чейрек ичинде төмөнкүдөй иш чаралар аткарылды.

Август ,сентябрь айында «Табигый илимдер» усулдук бирикмесинин курамындагы предметтик мугалимдер такталып уюштуруу иштери жүргүзүлдү. Төмөнкүдөй уюштуруу иштери жүргүзүлдү:

1 . Өткөн окуу жылында аткарылган иштерге анализ берүү

2. Мугалимдердин саат жүктөмүнүн бөлүнүшү

3. УБ нин 2021-2022-окуу жылына карата иш планы жана жылдык иш планын иштеп чыгуу, түзүлгөн окуу планын талдоо жана бекитүү.

4 Предметтик стандарттарга ылайык календардык тематикалык пландарды түзүү

5 Мугалимдерди методикалык колдоодо маалымат менен камсыздоо

Ар бир предметтик мугалим шаардык усулдук бирикме жетекчилери менен байланышып календардык пландарды түзүшүп, мектеп жетекчилиги тарабынан бекитилди.

Сентябрь айында жөндөмдүү жана сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөө иши жүргүзүлө башталды .Ар бир предметтик мугалимдер төмөнкүдөй иш алып баруудa:

1 Ар бир предметтик мугалим шыктуу жана өздөштүрүүсү начар окуучуларды тактап, тизмелешти
2 Атайын иш планын мугалимдер иштеп чыгып , мектеп администрация тарабынан бекитилди
3 Шыктуу жана өздөштүрүүсү начар окуучулар менен сабакты өздөштүрүү деңгээлине карай иш алып барылууда
4 Окуучулардын жетишүүсүнүн жыйынтыгын мониторинге түшүрүлүп жатат.

## Кызыл-Кыя шаарындагы №13 И.Абдрахманов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин «Табигый жана так илимдер» усулдук бирикмесинин жыйынынын

## №3 токтому

06.01 .2020-ж Катышканы-6

Күн тартибинде каралуучу маселелер

1.Экинчи чейрек ичинде аткарылган иштердин жыйынтыгы.

2.Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу максатында курстардан өтүү

1-маселе боюнча усулдук бирикменин жетекчиси Токурова Наринса сөз сүйлөдү

Угулду:

Урматтуу мугалимдер 2-чейрек ичинде төмөнкүдөй иш –чаралар аткарылды:

«Табигый илимдер» усулдук бирикмесинде 2020-2021-окуу жылына карата карата түзүлгөн иш планынын негизинде мектептик олимпиада өткөрүлдү.Жыйынтык боюнча жеңишке ээ болгон окуучулар шаардык олимпиадага катышышат.Ноябрь айында математика сабагы боюнча жумалык өткөрүлүп, 7-9-класс окуучуларынын билим сапаты текшерилди. Математика мугалими Боркобаева Гулкан.

| класс | Окуучунун саны | Катышканы | 5 | 4 | 3 | 2 | Билим Сапаты |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 7 | 23 | 23 | 8-34% | 6-27% | 5-24% | 1-7% | 61% |
| 8 | 24 | 24 | 5-20% | 7-29% | 9-37% | 2-12% | 49% |
| 9 | 28 | 28 | 7-25% | 7-25% | 9-32% | 1-6% | 57% |

Шаардык олимпиадага окуучулар активдүү катышышты.Декабрь айында биология мугалими Токурова 6-класс окуучуларына “Адамдын өсүмдүк тамырына тийгизген таасири “ деген темада ачык сабак өттү.Чейрек ичинде аткарылган иш чаралар боюнча кимде сунуш ой пикирлер бар?

Жарыш сөзгө физика мугалими Салиева Назгул чыгып,өз сөзүндө чейрек ичинде аткарылуучу иш чаралар баары аткарылгандыгына токтолуп кетти.Жыйын катышуучулары сунуш ,ой пикирлерди угуп төмөнкүдөй чечим кабыл алышат.

Чечим:

1.Усулдук бирикменин 2-чейрек ичинде аткарган иштери канааттандыраарлык .

2-маселе боюнча окуу бөлүмүнүн жетекчиси Женмуратова Г сөз сүйлөдү.Ал өз сөзүндө мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу максатында бирикме мугалимдери "7-1 класстар үчүн билим берүүдөгү математика жана табигый илимдер тармагындагы предметтик стандарттары"боюнча өткөрүлүүчү модулга катышуу сунушун билдирди.

Жыйын катышуучулары сунуш ,ой пикирлерди угуп ,талкуулап төмөнкүдөй чечим кабыл алышат.

Чечим:

1.Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу максатында өткөрүлүүчү модулга бирикме мугалимдери толугу менен катышсын.

2.Мугалимдердин модулга катышуусун көзөмөлдөө бирикме жетекчисине жүктөлсүн

Бирикменин жетекчиси: Токурова Н

Кызыл-Кыя шаарындагы №13 И.Абдрахманов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин»Табигый жана так илимдер» усулдук бирикмесинин жыйынынын

№4 токтому.

27.03 .2020-ж Катышканы-6

Күн тартибинде каралуучу маселелер

1.3- чейрек ичинде аткарылган иштердин жыйынтыгы.

2.Аралыктан окутуу

1-маселе боюнча усулдук бирикменин жетекчиси Токурова Наринса сөз сүйлөдү

Угулду:

Урматтуу мугалимдер кырдаалга байланыштуу чогулушубуз онлайн түрүндө өтүп жатат. 3-чейрек ичинде төмөнкүдөй иш –чаралар аткарылды:

«Табигый илимдер» усулдук бирикмесинде окуу жылына карата карата түзүлгөн иш планынын негизинде январь айында физика ,информатика сабагынан "Асман телолору"темасында жумалыгы төмөнкүдөй планда өткөрүлдү

1.Жумалыктын ачылышы

2.Кроссворд оюну

3.Дубал газета сынагы

4.Ачык сабак

5.Жыйынтыктоо

Февраль айында биология,химия,география сабагынан "Жаратылыш жан дүйнөм"темасында жумалыгы төмөнкүдөй планда өткөрүлдү

1.Жумалыктын ачылышы

2.Дубал газета конкурсу "Биохимик"

3.Сүрөт конкурсу "Кооз жаратылыш"

4.Ачык сабак химия сабагынан

5.Жыйынтыктоо

Чейрек ичинде аткарылган иш чараларды угуп ,талкуулап жыйын катышуучулары төмөнкүдөй чечим кабыл алат

Чечим:

1.Бирикменин 3-чейрек ичинде аткарган иштери канааттандыраарлык деп табылсын

2-маселе боюнча бирикме жетекчиси аралыктан окутуу учурунда ар мугалим сабактарын өз убагында видео сабактарын колдонуу менен кызыктуу өтүүсүнүн зарылдыгы боюнча айтып өттү.

Жыйын катышуучулары жогоруда айтылган сунуш,ой пикирлерди угуп,талкуулап төмөнкүдөй чечим кабыл алат.

Чечим:

1.Ар бир предметтик мугалим аралыктан окутуу учурунда балдарга кызыктуу,түшүнүктүү болгон видео сабактарды даярдоо менен сабак өтүлсүн.

2.Мугалимдердин сабак өтүүсүн көзөмөлдөө бирикме жетекчисине жүктөлсүн

Бирикме жетекчиси: Токурова Н

Кызыл-Кыя шаарындагы №13 И.Абдрахманов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин "Табигый жана так илимдер "усулдук бирикмесинин жыйынынын

№5 токтому

10.06.2020-ж Катышканы-5

Күн тартибинде каралуучу маселе:

1.4-чейрек ичинде аткарылган иштердин жыйынтыгы

2.Кийинки окуу жылына карата даярдык

1-маселе боюнча бирикме жетекчиси Токурова сөз сүйлөдү.

Угулду: Саламатсыздарбы ,урматтуу мугалимдер кырдаалга байланыштуу бул жыйыныбызда онлайн түрүндө өтүп жатат.Бирикмеде иш чаралар онлайн түрүндо өткөрүлдү.

Апрель айында косманавтика күнүнө карата физика мугалим Салиева Назгул тарабынан "Космосту багындырган инсандар " темасында доклад даярдалды.Окуучуларга видео тасмалар жөнөтүлдү.

Апрель айында математика сабагынан "Математиканын тарыхы"деген темада жумалык төмөнкүдөй планда өткөрүлдү:

1.Жумалыктын ачылышы

2."Математика тарыхы "темасында видео ролик

3.Математикалык суроо-жооп

4.Жыйынтыктоо

Бирикменин аткарган иштери боюнча кимде кандай сунуш бар?

Жарыш сөзгө география мугалими Туманов К чыкты .

Угулду: Бүгүнкү күндөгү кырдаалга байланыштуу муалимдер сабактарды, иш чараларды онлай түрүндө өткөрдүк.Кайтарым байланыш болуп жатты.Бирикменин чейрек ичинде аткарган иши канааттандыраалык деп ойлойм.

Жогоруда айтылган сунуш ,ой пикирлерди угуп талкуулап жыйын катышуучулары төмөнкүдөй чечим кабыл алат

Чечим:

1.Бирикменин чейрек ичинде аткарган иштери канааттандыраарлык деп табылсын.

2-маселе боюнча усулдук кеңештин жетекчиси Сайпидинова У сөзгө чыкты. Ал сөзүндө кийинки окуу жылына карата жакшы даярдык көрүү,кырдаалга байланыштуу видео сабактарын даярдоо боюнча компьютердик курстардан өтүү зарылчылыгын айтып өттү .

Жогоруда айтылган сунуш ой пикирлерди угуп ,талкуулап жыйын катышуучулары төмөнкүдөй чечим кабыл алат

Чечим:

1.Мугалимдер жаңы окуу жылына карата көргөзмөлүү,кызыктуу сабак өтүүгө даярдык көрүлсүн

2.Мугалимдердин ишин көзөмөлдөө бирикме жетекчисине жүктөлсүн

Бирикме жетекчиси: Токурова Н